# Токойлор биздин коргоочубуз

**Конкурска катышуучу;**

**Талас облусу. Кара Буура району  Кайнар айылы**

**Күчүкпаев  Керимбай атындагы**

**орто мектебинин   8- класс окуучусу**

**Эрнис уулу Дияс**

0552 887535 → Айнура

Конкурска

## Токойлор биздин коргоочубуз

Биздин айылыбыз Казакстан менен чектешкен Талас облусунун борбордон эң алыс жайгашкан айылы. Айылыбызда бир орто мектеп бар. Мен ошол мектепте окуп жүрөм. Биздин айыл өзү булактарга бай, ошондонбу айылыбыз «Кайнар»- деп аталат. Айылдын түш тарабы ачык, тоолорго анчалык жакын эмес. Анын эсесине биздин айылга бороон көп болот. Айыл элин жүдөтүп жиберет. Ошондо менен телевизордон токойлору жакын, өзөндөрү бар айылдарды көрүп суктана берем. Айылыбызда тал дарактар, мөмөлүү бактар бар. Бирок ал биздин айылга коргон болуп бере албайт. Себеби бороон кышында абдан катуу болгондо айылдын кээ бир үйлөрүнүн чатырын учуруп кетет. Биздин биология же география сабактарынан окуганыбызга караганда токойлуу жерде бороон анчалык коркунуч алып келбейт экен. Айылды айланта курчап кара талдан көп кылып отургузуп салсак жакшы болмок. Анан да биздин айылдын күн батыш тарабында «Ак Кум» деген жерибиз бар ал жерде көп өсүмдүк өскөнүн билбейт экем. Эгер менин эркимде болсо ошол жердин барын токойго айлантып салмакмын. Тигил Казакстанда да Астананы ээн талаага эле куруп алышпадыбы? Азыр ошол шаардын айланасында шамал катуу болбой калган дешет го. Ошондой болуп биздин айылыбызга да бороон көп келбей калат эле да. Жакындан бери жаңылыктарда керемет дарак «Павлония» деп жүрүшөт. Маалыматтарга карасам ал дарак тез өсүп жетилет экен. Ошонун көчөттөрүн алсак жакшы болмок деп ойлойм. Бизде атайын отунга өстүрүлгөн дарактар көп эмес.Мурда элдер күн караманы көп өстүрүп данын жыйнап алышчу. Анан ошонун калган сөңөгүн отунга жыйначубуз. Бир жолу биз ата-энем бир туугандарыбыз менен «Ак Кумга» ошондой отун жыйнаганы барганбыз. Анан бир убакта булуттар асманга чыгып алышты да шамал башталды. Анан жамгыр жаап кирди, жамгыр менен катуу шамал бороонго айланганда биз атама чуркадык, аз жерден бизди учуруп кетмек Ошондой катуу шамал болгондо коркуп жүрдүм. Азыр чоңоюуп калдык, анча коркпойбуз. Бирок шамалдын күчүн айылга жеткирбей койсок деп ойлоно берем. Ал жакка суу да анча жете бербейт Ошол ээн талаанын аркы четинен «Көк-Сай » каналы агып өтүп, казактар менен биздин айылдыктар эгиндерин сугарышчуу экен. Аны да тоо башынан эле казактар буруп алышкандыктан ал каналдан биздикилерге суу келбей калган дешет. Мен чоңойгондо, «Ак-Кумдан» чоң кудук каздырып суу чыгартып алмакмын. Ошондо токойго суу жакшы жетет. Токой көп болсо ал жерге ар кандай куштар келип байырламак. Коен, түлкүлөр да жашап калмак. Азыр төө бурчак эгип жүргөн дыйкандар ал жерге барып эс алышмак. Токойдун бир жагына алма, алча, кара өрүктөрдөн өстүрсөк бак болмок. Биздин айылдыктардын баарына жетмек. Мөмөлөй баштаганда айылдыктардын барын жардамга чакырмакмын. Терип жардам беришмек. Өздөрү да кенен жеп калышмак. Ошондо акылмандар айткандай бак тигип балдарыма , алардын да балдарына калтырмакмын. Айылыбыздын элин бороондон калкалап коймокмун. Бирок жаштын тилегени болот дешет го мен ушундай тилектемин . Көп акча керек аны да издеп , иштеп тапмакмын айыл элине жардамым тийген үчүн бары өздөрү жардамдашмак . Мен айылыбыздын экологиясын сактап жакшы ойлорумду ишке ашырсам дейм.

Дияс Эрнис уулу